**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**« 24 » - октябрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз XVIII сессия**

**ТОКТОМ** **№6** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарындагы жеке менчик жер тилкелерин муниципалдык менчикке өткөрүп алуу жана өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 23.10.2025-жылдагы чыг.№01-18/6689 сандуу каты, Манас шаардык депутаттар кеңешинин курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XVIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Б.Эркинбаев көчөсүнүн №6/2 дарегинде жайгашкан А.Мамытовго таандык 2665,5 чарчы метр жеке менчик жер тилкени жаңы курулган имараты менен Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Манас шаарынын Токтогул көчөсүнүн №55 дарегинде жайгашкан Манас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигиндеги “Ариет” балдарга билим берүү борборунун эски имараттарын жана 1656 чарчы метр жер тилкеси менен кошо А.Мамытовго алмашуу жолу менен өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
3. Манас шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов), Манас шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлк башкармалыгынын башчысына (С.Эргешов) мүлктөрдү өткөрүп алууда жана өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**